**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.
Протокол № 9
04.07.2024-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор Кошоева Б.Б.
Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Бишкек- 2024 ж.**

Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына программалык аккредитациялоо боюнча өзүн-өзү баалоосун жүргүзүү үчүн колдонмо. – Бишкек, 2024 – 23 бет.

Бул колдонмодо башталгыч кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча өзүн-өзү баалоо процессиндеги негизги элементтери жана аккредитациялоо процесси жөнүндө жалпы маалыматтар берилет.

Программалык өзүн-өзү баалоону жүргүзүү үчүн стандарттарга жана критерийлерге түшүндүрмө берилген.

Бул колдонмо программалык аккредитациялоону жүргүзүү боюнча жетекчилер үчүн, инженердик-педагогикалык кадрлар үчүн, КР башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары үчүн, АРТККИнин эксперттери жана башка кызыкдар тараптар үчүн арналган.

©АРТККИ, 2024

**МАЗМУНУ**


1. Колдонмонун статусу 4
2. Колдонмонун максаты 4
3. Колдонуу чөйрөсү 4
4. Терминдер жана аныктамалар 4-5
5. Белгилер жана кыскартуулар 5
6. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун түзүмү жана формасы 6-9
7. Стандарттар 10-22

Стандарт 1. «Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо»

Стандарт 2. «Студенттерди кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу, студенттерди бүтүрүү»

Стандарт 3. «Жекече-багытталган окутуу жана студенттердин окуу натыйжаларын баалоо»

Стандарт 4. «Педагогикалык жана окуу-жардамчы кызматкерлер»

Стандарт 5. «Материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар»

8. Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын корутундусу 23-25
9. Адабияттар 26
10. Тиркемелер 27-33

## 1. КОЛДОНМОНУН СТАТУСУ

Бул колдонмо билим берүү программаларын программалык аккредитациялоо боюнча жалпы АРТККИ жетекчилигинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 2 КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ

Бул колдонмонун максаты аккредитацияланган билим берүү уюмуна эксперттик баалоо жүргүзүү жана билим берүү программасына программалык аккредитацияны ыйгаруу жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн негиз катары АРТККИге берилген билим берүү программаларына өзүн-өзү баалоо отчетун даярдоонун шарттарын түшүндүрүү жана сунуштарды берүү болуп саналат.

## 3 КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

Бул колдонмо АРТККИ аккредитациялоо программасынын бекитилген стандарттардын негизинде түзүлгөн.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту толтурууда жана тапшырууда ушул колдонмонун шарттарын аткаруунун тактыгы жана тууралыгы, эксперттик комиссиянын Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына программалык аккредитациялоо, АРТККИ билим берүү программаларын баалоо жана АРТККИ тарабынан аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.

## 4. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

Бул колдонмо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык терминдерди жана аныктамаларды колдонот.

Булардан тышкары кошумшча болуп, бул стандарттарга төмөнкү аныктамалар белгиленет:

**Аккредитация** – акредитациялоочу агенттиктин бүтүндөй баалоочу жол-жобосу, анын өткөрүлүшүндө билим берүү уюмунун же билим берүү программасынын белгилүү критерияларга жана стандарттарга дал келүүсү таанылат.

**Программалык аккредитация** – билим берүү уюмунун айрым программаларынын белгилүү критерийлерге жана стандарттарга шайкештигин баалоо тартиби.

**Билим берүү программаларынын сапаты** - студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүк деңгээлинин билим берүү стандарттарынын талаптарына жана билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм тарабынан белгиленген кошумча талаптарга ылайык келүүсү.

**Компетенция** – студенттин (билим алуучунун) белгилүү бир тармакта натыйжалуу жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап (норма).

**Компетенттүүлүк** – адамдын белгилүү бир кырдаалда (билим берүү, жеке жана кесиптик) билимдердин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуунун комплекстүү жөндөмү.

**Студенттердин окуу натыйжалары** – бул билим берүү программасы боюнча окуу аяктагандан кийин студенттер ээ болушу керек болгон компетенциялардын, билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйындысы.

**Кредит (зачеттук бирдик) -** Студенттин аны бүтүрүү үчүн талап кылынган окуу жүгүн мүнөздөө үчүн дисциплинанын бирдиктерине туура келген жана ЖОЖдо академиялык окуунун толук жылын аяктоо үчүн жумуштун жалпы көлөмүнө салыштырмалуу ар бир курс боюнча талап кылынган иштин көлөмүн чагылдырган сандык маани. ECVET кредити талап кылынган ишти бүтүргөндөн жана жетишилген окуу натыйжаларына тиешелүү баа алгандан кийин гана алынышы мүмкүн.

**Модуль** - окутуунун жана тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык толуктукка ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплинасынын бөлүгү.

**Билим берүү кызматтарынын мониторинги** - билим берүү ишмердигинин процесстери жана процедуралары жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо.

**Билим берүү программасы** – окутуунун тиешелүү чөйрөсүндө окуу процессинин максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырылышын жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы.

**Керектөөчү** – өнүмдөрдү же кызматтарды алуучу уюм же адам (окуучулар, алардын ата-энелери, иш берүүчүлөр, өкмөт).

**Тышкы аудиторлордон турган комиссиянын БКББнын билим берүү уюмуна баруусу** – аккредитациялоо процессинин жалпы кабыл алынган бөлүгү болуп саналган тышкы баалоо компоненти. Тышкы эксперт-аудиторлор билим берүү уюмунун БКББсынын өзүн-өзү баалоо материалдарын текшерүү, инженердик-педагогикалык курамдын, студенттер, кызматкерлер менен маектешүүлөрдү өткөрүү жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү үчүн барышат. Иш сапардын жыйынтыгы –башталгыч кесиптик билим берүүгө билим берүү уюмунун аудити жөнүндө отчету болуп саналат.

**Процедура –** кандайдыр бир ишти же процессти жүзөгө ашыруунун белгилүү бир жол-жоболору.

**Процесс** – «киргизүүнү» «чыгарууга» айландыруучу өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенүүчү иш-аракеттердин жыйындысы.

**Окуунун натыйжалары** – билим берүү программасы/модуль боюнча окутуунун натыйжасында алынган компетенциялар.

**Сапат системасы** – белгиленген эрежелерге жана кабыл алынган методдорго ылайык сапатты башкаруунун белгилүү иш-милдеттерин аткарган жана билим берүү программасынын бардык бүтүрүүчүлөрү кесиптик стандарттарга ылайык белгиленген талаптарга жооп беришин камсыз кылган уюмдагы жол-жоболордун, бөлүмдөрдүн жана кызмат адамдарынын жыйындысы.

**Аккредитациянын стандарттары** – аккредитациялоо процедурасына талаптарды белгилеген аккредитациялоо органынын документтери.

**Кардарларды канааттандыруу** – керектөөчүлөрдүн алардын талаптарынын канчалык деңгээлде аткарылып жатканын кабыл алуусу.

**Натыйжалуулук** – жетишилген натыйжа менен колдонулган ресурстардын ортосундагы байланыш.

## 5. БЕЛГИЛЕР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

Бул колдонмодо төмөнкү белгилер жана кыскартуулар колдонулат:

**КР** – Кыргыз Республикасы;

**КР ББИМ** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;

**БК ББУ** – Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары;

**ТЭК** – Тышкы эксперттик комиссия;

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**АРТККИ -** Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту

**ББП** – Билим берүү программасы;

**ИПК** – Инженердик-педагогикалык кадрлар;

**УКС** – Улуттук квалификация системасы;

**АК** – Аккредитациялык кеңеш.

## 6. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУНУН ТҮЗҮМҮ ЖАНА ФОРМАСЫ

*АРТККИнин директорунун 2024-жылдын 4-июлундагы № 2/008 буйругу менен бекитилген.*

**Өзүн-өзү баалоо отчетуна негизги талаптар**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | Талаптар | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы** | Отчеттун текстинин шрифти - Times New Roman 12 шрифти менен болушу керек;<br>Бөлүмдүн аталыштарынын шрифти - Times New Roman 14 шрифти менен болушу керек, ошондой эле алар кара шрифт менен белгилениши керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык бир эсе болушу керек жана отчеттун бардык барактары номерлениши керек.<br>Барактын четтери: сол жагы - 2,5 см, оң жагы -1,5 см, үстү жана асты - 2 см болушу керек.<br>Отчеттун бардык таблицаларынын, графиктеринин, иллюстрацияларынын жана тиркемелеринин аталыштары жана номерлери болушу керек. | |
| **2.** | **Титулдук барак** | Титулдук баракта берилген маалыматтар:<br>Барактын башында - билим берүү уюмунун толук аталышы жана ортосунда аккредитациянын түрү (программаны аккредитациялоодо)<br>Педагогикалык кеңештин чечиминин протоколунун № жана датасы<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн толук аты жөнү жана кызматтары<br>Комиссиянын курамы жөнүндө буйруктун № жана датасы<br>2-бетте - бөлүмдөрдүн барактарын көрсөтүү менен отчеттун мазмуну.<br>3 бетте - кыскартуулардын тизмеси. | Отчет өзүн-өзү баалоонун тышкы бети болуп А4 форматындагы титул барагынан башталат |
| **3.** | **Өзүн-өзү баалоо отчетунун** | Өзүн-өзү баалоо отчетунун бөлүмдөрү: | Жалпы киришүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **түзүмү** | - Киришүү;<br>- 1-5 чейинки аккредитациялык стандарттарды аткарууда талдоонун натыйжалары жана алардын далилдери;<br>- Корутунду;<br>- Тиркемелер. | Калган бөлүмдөр ар бир билим берүү программасы менен ырааттуу түрдө жазылууга тийиш. |
| **4.** | **Киришүү** | *Кириш сөздө келтирилген маалыматтар:*<br>- билим берүү уюмунун почта дареги, телефондору, электрондук почтасы, веб-сайты;<br>- билим берүү уюмун түзүү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун уюштуруу-укуктук формасы жана менчигинин формасы жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун жетекчисинин, орун басарларынын, аккредитацияга жооптуунун толук аты жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондор, электрондук почта);<br>- өзүн өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы;<br>- билим берүү уюмунун ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын тизмеси;<br>- билим берүү уюмунун билим берүү программаларынын ишке ашырылуучу тизмеси;<br>- билим берүү программаларына лицензиялар жөнүндө маалыматтар (лицензиянын көчүрмөлөрү жана алардын тиркемелери тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар (аттестаттын көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюму алган сыйлыктар жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун ар кандай уюмдарга мүчөлүгү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү);<br>- бардык билим берүү программалары боюнча студенттердин саны жөнүндө маалыматтар (тиешелүү | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- аккредитацияланган билим берүү программаларынын окуу пландары жөнүндө маалыматтар (окуу пландарынын көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун кыскача тарыхы. | |
| 5. | **Аккредитациянын стандарттарын аткарууда талдоонун натыйжалары жана алардын далилдери** | Өзүн-өзү баалоо отчетунда келтирилген маалыматтар:<br>Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо отчетунда 2024-жылдын 15-майындагы № 246 менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү» тууралуу токтомуна ылайык ар бир аккредитацияланган билим берүү программасы боюнча аккредитациялоо стандарттарынын жана критерийлеринин аткарылышын, талдоонун жыйынтыктарын ырааттуу түрдө көрсөтүү зарыл.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясы жүргүзгөн талдоо өзүн-өзү сындоо жана далилдүү болушу керек.<br>Стандарттардын жана критерийлердин аткарылышынын далилдери документтештирилүүгө тийиш.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясы ар бир критерийдин, ар бир стандарттын аткарылышына, сын-пикирлер менен аткарылышына же аткарылбагандыгы жөнүндө корутунду чыгарышы керек.<br>Критерийлердин аткарылышын талдоонун жыйынтыгы боюнча өзүн-өзү баалоо комиссиясы ар бир аккредитациялык стандартынын аткарылышы же аткарылбагандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга тийиш. | 5 (беш) аккредитациянын стандарттары жана критерийлери – 27 критерий<br>Ар бир критерийдин аткарылышын баалоо болушу керек.<br>Ар бир аккредитациялык стандарттардын аткарылышын баалоо, күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо зарыл. |
| 6. | **Корутунду** | Корутундуда келтирилген маалыматтар:<br>- программанын күчтүү жактары;<br>- программанын алсыз жактары;<br>- бардык 5 аккредитациялык стандартынын аткарылышын баалоо.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн толук аты жөнү жана кызматтары<br>Толук аты жөндүн каршысында кол тамгалар болушу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | керек. | |
| **7.** | **Тиркемелер** | Тиркемелерде келтирилген маалыматтар:<br>Тиркемелер аккредитациялык стандарттарынын жана критерийлеринин аткарылышына жооп берген документтештирилген далилдерди бериши керек.<br>Ар бир тиркеме жаңы барактан башталып, аталышы менен болууу зарыл жана өсүү тартибинде номерлениши керек. | Отчеттун негизинде жазылган алгачкы маалыматтар. |

## 7. СТАНДАРТТАР

**СТАНДАРТ 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо**

Билим берүү уюму ар кандай формаларга карата, колдонулган деңгээлдерге жана технологияларга карата, мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баа берүүнүн форматына карата өзүнүн талаптарын аныктоого тийиш. Билим берүү программасын талдоо (мониторинг) жана мезгил-мезгили менен баалоо, билим берүү программаларынын максаттарына жетүүгө жана окуунун пландаштырылган натыйжаларын толук калыптандырууга багытталган.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 1.1. | Билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген билим берүү программасынын так түзүлгөн билим берүү максатынын болушу. | - Билим берүү программаларынын максаттары жана күтүлгөн окуу натыйжалары кандай?<br>-Билим берүү программалары кантип бекитилет?<br>- Билим берүү программаларын ким баалайт (рецензиялайт)?<br>- Билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, билим берүү максаттарын жана күтүлүүчү окуу натыйжаларын иштеп чыгуунун, баалоонун, кайра карап чыгуунун, макулдашуунун жана бекитүүнүн кандай механизмдери (методдору) бар?<br>-- Кызыкдар тараптардын муктаждыктары жана талаптары кантип аныкталат?<br>- Билим берүү программасын ишке ашыруунун | - мамлекеттик билим берүү стандарты;<br>- компетенттүүлүктүн матрицасы;<br>- типтүү окуу планы;<br>- жумушчу окуу программасы;<br>- билим берүү уюмунун стратегиялык планы;<br>- билим берүү уюмунун учурдагы планы;<br>- дисциплиналардын программалары;<br>- бекитилген миссиянын бар экендигин, миссиянын бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландардын кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жана күтүүлөрүнө (талаптарына) шайкештигин көрсөтүүчү ченемдик документтер (мисалы, ББУ Уставы) жана башка маалыматтык ресурстар;<br>- талдоо жүргүзүүгө, баалоого жана кызыктар тараптардын катышуусу менен миссияны |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | максаттарына жана натыйжаларына ылайык жумушчу окуу пландарын жана дисциплиналардын жумушчу программаларын түзүүдө ББУнун эмгек рыногунун өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү механизми барбы ? | жакшыртууга мүмкүндүк берүүчү механизмдер жана ченемдик документтер;<br>- билим берүү уюмунун миссиясынын иштелип чыккан жана бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарына ылайык келишин аныктоо үчүн педагогикалык кеңештердин протоколдору, тегерек столдордун уюштурулушу ж.б.;<br>- программа профессионалдык эмгек рыногунун талаптарын эске алгандыгынын далили;<br>- окутуучулардын, кызматкерлердин, студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн дисциплиналардын жумушчу окуу пландарын жана жумушчу программаларын иштеп чыгууга катышкандыгынын документалдуу далилдери. |
| 1.2. | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларында формулировкаланган болуусу. | - Билим берүү программасын ишке ашыруунун максаттарына жана натыйжаларына ылайык иш окуу пландарын жана дисциплиналардын жумушчу программаларын түзүүдө ББУнун эмгек рыногунун өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү механизми барбы? | - кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн дисциплиналардын жумушчу окуу пландарын жана жумушчу программаларын иштеп чыгууга катышуусу жөнүндө документтик |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кызыкдар тараптардын муктаждыктары жана күтүүлөрү кандайча эске алынат, стратегиялык пландардын, билим берүү максаттарынын жана күтүлгөн окуу натыйжаларынын макулдашуусу кандайча камсызалат?<br>- Окутуунун күтүлгөн натыйжаларын аныктоого жана кайра кароого иш берүүчүлөр кандай жолдор менен катышат? | күбөлүктөр;<br>- протоколдор, резолюциялар жана ж.б. |
| 1.3. | Так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келген билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмүнүн болуусу. | - Дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугу кайсы документтерде белгиленет?<br>- Окуу дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугун аныктоого иш берүүчүлөр кандай жолдор менен катышат? | - окуу планы;<br>- билим берүү программасы;<br>- окуу процессинин графиги;<br>- тегерек столдор. |
| 1.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, муктаждыктарына жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен баа берүү. | - Кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо кандай жол менен жүргүзүлөт?<br>- Баалоо дайыма жүргүзүлүп турабы? | - билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо жөнүндө жобо;<br>- баалоонун жол-жобосу жана натыйжалары чагылдырылган документтер. |
| 1.5. | Билим берүү программасынын окуу | - Практика кантип уюштурулат? | - окуу, өндүрүштүк практика өтүүчү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | планында каралган (окуу, өндүрүштүк) практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орундар менен камсыз кылуу. | - Студенттердин практика өтүүдөгү орду жана уюштуруусу боюнча канааттануусуна кандай баалоо жүргүзүлөт?<br>- Кызыкдар тараптардын катышуусу менен талдоо, баалоо жана практиканы жакшыртуу кандайча жүргүзүлөт? | жерлер боюнча маалыматтар базасы ;<br>- ишканалар жана уюмдар менен түзүлгөн келишимдер;<br>- практика программалары. |
| 1.6. | Билим берүү уюму окуу процессинде инновациялык окуу-усулдук ресурстарды жана технологияларды колдонуу. | - ББУда окутуунун кандай формалары колдонулат?<br>- Билим берүү процессине окутуунун кандай активдүү ыкмалары жана окутуунун инновациялык ыкмалары киргизилген? | - студенттерди окутуунун формаларын регламенттөөчү документтер;<br>- билим берүү процессин коштоонун маалыматтык системасын киргизүү күбөлүгү;<br>- педагогикалык Кеңештин, ОМКнын, ПМКнын жыйындарынын протоколунан көчүрмөсү. |
| 1.7. | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун жыйынтыктарын кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу. | - Актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо | - мониторингдин натыйжаларын талдоо, жыйынтыктар, сунуштар жана чечимдер менен;<br>- предметтик (циклдик) комиссиялардын, методикалык кеңештердин, бирикмелердин ж. б. протоколдору.; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кантип жана ким тарабынан жүргүзүлөт?<br>- Ички баалоо кандайча жүргүзүлөт (ички мониторинг, өзүн-өзү баалоодо тестирлөө, экзамендер) ? | - кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары (анкеталар, интервьюлар, отчеттор ж.б.). |
| 1.8. | Билим берүү программасын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келиши. | - ББУнун ар бир Билим берүү программасын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун мамлекеттик билим берүү стандарттарынын билим берүү максаттарына жана окуу натыйжаларына ылайык келиши кандайча камсыз кылынат? | - окуу-методикалык көрсөтмөлөрдүн, колдонмолордун тизмеси;<br>- окуу-методикалык камсыздоого мониторинг, талдоо жүргүзүү;<br>- кызыкдар тараптарды (окутуучуларды, студенттерди, бүтүрүүчүлөрдү) сурамжылоо. |

**Стандарт 2. Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, студенттерди бүтүрүү**

Билим берүү уюму кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таанууну, студенттерди бүтүрүүнү жөнгө салуучу белгиленген, жарыяланган жана ырааттуу колдонулуучу эрежелерди көрсөтүшү керек

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Студенттерди тандоонун, кабыл алуунун жана бүтүрүүнүн калыс жана ачык жол-жоболорун колдонуу. | - Студенттердин контингенти кандайча түзүлөт?<br>- Кабыл алуу жол-жоболору кандай документтерге негизделген?<br>- Кабыл алуунун | - кабыл алуу процессине мониторинг жүргүзүүнүн, талдоонун, баалоонун жана өркүндөтүүнүн жыйынтыктары боюнча, билим |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жыйынтыгы кандай бааланат?<br>- Кесипке багыт берүү ишинин саясаты кандайча аныкталат? | берүүнүн натыйжаларын таануу жана студенттерди бүтүрүү отчету;<br>- кабыл алуу процессин жакшыртуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана студенттерди бүтүрүү пландары;<br>- экзамендерге киргизүү, студенттерди которуу, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү жөнүндө педагогикалык Кеңешинин протоколдору. |
| 2.2. | Толук жана өз убагында маалымат алуу, студенттерге тандалган билим берүү траекториясы жана карьералык мүмкүнчүлүктөрү боюнча кеңеш берүү. | ББУда кандай адаптация программалары бар?<br>- Киришүү курсунун мазмунун көрсөтүү. Ал канчалык көп каралып турат?<br>- Алар үчүн кандай иш-чаралар өткөрүлүп жатат?<br>- Карьералык мүмкүнчүлүктөрдү маалымдоо үчүн кандай иш-чаралар өткөрүлөт? | - жаңы келгендер студенттер үчүн адаптация жана колдоо программалары;<br>- иш-чаралардын тизмеси;<br>- ченемдик документтер ;<br>- карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча материалдар. |
| 2.3. | Мониторинг жүргүзүү жана чогултуу үчүн так жол-жобо жана инструменттер жана студенттердин академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде кийинки аракеттердин болушу. | - ББУмониторинг жүргүзүү жана чогултуу үчүн кандай жол-жобо жана инструменттерди колдонот?<br>- Студенттердин академиялык жетишкендиктери | - ББУнун локалдык актылары;<br>- протоколдор. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тууралуу маалыматтын негизинде кандай иш-аракеттер колдонулат? | |
| 2.4. | Студенттердин окуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү үчүн билим берүү уюмунун алдын ала билим берүүнүн квалификацияларын жана окуу мезгилдерин объективдүү таануусун камсыз кылуу. | - Студенттердин башка ББУда өздөштүргөн мурунку окуу мезгилдери кандай эсепке алынат?<br>- Таануунун жол-жобосу кандай?<br>- Таануу жол-жобосу ким тарабынан аткарылат? | - студенттердин башка ББУдагы окуу мезгилдерин , натыйжаларды таануу эрежелери;<br>- студенттердин башка башка ББУда окутулгандыгын тастыктаган документтер;<br>- локалдык актылар. |
| 2.5. | Билим берүү уюму тарабынан билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишкен студенттердин алган квалификациясын, анын ичинде окутуунун жетишилген натыйжаларын, ошондой эле алган билиминин мазмунун жана статусун жана анын аяктагандыгын тастыктаган билим берүү жөнүндө документ менен камсыз кылуу. | - Бүтүрүүчүлөрдүн саны, билим берүү документтерин берүүгө уруксат берүү боюнча акыркы беш жылдагы статистикалык маалыматтарды көрсөткүлө.<br>- ББУ Уставында билими тууралуу документтерди берүүгө тиешелүү бөлүмдөрдү жана пункттарды көрсөтүңүз.<br>- Бүтүрүүчүлөрдүн саны жөнүндө статистикалык маалыматтар жүргүзүлөт. | - педагогикалык Кеңештин протоколдору;<br>- буйруктар;<br>- статистикалык маалыматтар;<br>- отчеттор;<br>- ЖМА программалары;.<br>- локалдык актылар. |

**СТАНДАРТ 3. Инсанга багытталган окутуу жана студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо**

Билим берүү уюму компетенттүүлүктү окутуу процесстерин өзүнүн билим берүү программаларына киргизиши керек. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу ыкмалар. Билим берүү уюму студенттерди окуу процессин биргелешип түзүүдө активдүү роль ойноого түрткү бериши керек.

| № | **Билим берүү программасын баалоо критерийлери** | **Карала турган маселелер** | **Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси** |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Окутуу технологияларды жана билим берүү формаларын, педагогикалык ыкмаларды жөндөө жана баалоо үчүн, студенттерден үзгүлтүксүз кайтарым байланыш алууну колдонуу. | - Тигил же бул педагогикалык методдорду, билим берүү формаларын жана технологияларын колдонуунун натыйжалуулугун талдоо максатында студенттер менен кайтарым байланыш кандайча жүргүзүлөт? | - документтер, педагогикалык методдорду натыйжалуу пайдалануу боюнча студенттер менен кайтарым байланышты камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан ,<br>- анкеталоонун натыйжалары. |
| 3.2. | Жеңилдетүүчү жагдайларды камтыган жана баалоонун натыйжаларын апелляциялоонун расмий жол-жобосун караган баалоо жүргүзүү жол-жобосунун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу. | - ББУда кандай принциптер, методдор жана критерийлер окутуунун натыйжаларына баа берүү жол-жоболорунун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылат?;<br>- Баалоонун критерийлери жана методдору студенттерге кандайча маалымдалат?<br>- Билимди баалоо жол-жобосунун ачыктыгы кандайча камсыз кылынат?<br>- Апелляция кандай жол менен жүргүзүлөт? | - документтер, баалоо критерийлерин жана методдорун белгилген;<br>- Веб-сайт;<br>- студенттерге колдонулган критерийлер жана баалоо жол-жоболору жөнүндө маалымат берүү күбөлүгү;<br>- педагогикалык Кеңештин, ПМКнын протоколдорунун көчүрмөлөрү;<br>- кызматтык нускамалар. |
| 3.3. | Окуудагы жетишкендик мониторинги жана бүтүрүү, бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | - Жетишүүнүн мониторинги кандайча жүргүзүлөт? | - жетишкендиктерди талдоонун натыйжалары;<br>- жеке план; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг кандай жүргүзүлөт?<br>- Бүтүрүүчүлөрдү колдоо, кийинки кесиптик жактан өнүктүрүү программалары барбы? | - отчеттор, жетишкендиктердин анализи;<br>- бүтүрүүчүлөр жөнүндө маалымат;<br>- бүтүрүүчүнүн анкетасы;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусун талдоо. |
| 3.4. | Студенттердин таштап кетүү себептерин талдоо жана окуудагы жетишкендикти бекемдөө жана жогорулатуу боюнча кабыл алынган чаралар. | - Студенттердин таштап кетүү себептерине мониторинг кандай жүргүзүлөт?<br>- Жетишүүнү жогорулатуу боюнча кандай чаралар көрүлүп жатат? | - рапорт, протоколдор, буйруктар, жоболор;<br>- студенттерди таштап кетүүсү жөнүндө маалымат . |
| 3.5. | Студенттердин даттанууларына жооп кайтаруу жол-жоболорунун иштелип чыккандыгы жана ишке киргизилгендиги. | - Студенттердин арыздарына жооп берүү жол-жоболорун көрсөткүлө.<br>- Студенттердин арыздарын кароого ким жооптуу? Арыздарды кароодо кандай чечимдер кабыл алынат? | - ички актылардын көчүрмөсү;<br>- кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер;<br>- ББУнун локалдык актылары. |
| 3.6. | Документтештирилген жана кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болгон студенттерди социалдык жактан колдоо системасынын болушу. | - Студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктоо үчүн кандай иш-чаралар өткөрүлүп жатат?<br>- ББУда студенттерди социалдык колдоо системасы кандай колдонулат? | - ийримдердин, секциялардын иши жөнүндө жобо, кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары;<br>- социалдык паспорт<br>- студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | кылууну регламенттеген документтер;<br>- ата-энелердин, студенттердин жана башка кызыкдар тараптардын анкеталары;<br>- муктаждыктарды аныктоо боюнча сурамжылоолордун натыйжалары. |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

Билим берүү уюму инженердик-педагогикалык кадрлардын квалификациясынын билим берүү программаларынын керектөөлөрүнө ылайык келишин камсыз кылууга тийиш. Билим берүү уюму инженердик-педагогикалык кадрларды, кызматкерлерди жалдоодо жана кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык процесстерди колдонууга тийиш.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү кызматкерлердин курамынын, квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын ылайык келиши. | - Инженердик-педагогикалык кадрлардын квалификациясы, адистиги, практикалык иш тажрыйбасы билим берүү программасынын профилине туура келеби?<br>- Инженердик-педагогикалык кадрлар менен камсыздоо кандай?<br>-Иштеп жаткан инженердик-педагогикалык курам ББУнун стратегиялык өнүгүүсүн камсыз кылууга жөндөмдүүбү?<br>- Инженердик-педагогикалык кадрлардын тажрыйбасына, окутуунун сапатына | шайкештикти талдоо: - квалификациянын, адистиктердин, инженердик-педагогикалык кадрлардын билим берүү программасынын профилине ылайык келиши;<br>- штаттагы педагогдордун жана айкалыштырып иштегендердин саны;<br>- - инженердик-педагогикалык кадрлардын окуу жүктөмүн, студенттердин санынын педагогдорго болгон катышын талдоо;<br>- штаттык ыраатмама. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кандай талаптар коюлат ? | |
| 4.2. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү колдонмолорду, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иши. | - Окуу куралдары, окуу китептери жана башка методикалык иштелмелер канчалык көп чыгарылып, өркүндөтүлүп турат?<br>- Окуу китептерин, окуу китептерин басып чыгаруунун жол-жобосу кандай | -окуу-методикалык материалдарды чыгаруу планы;<br>- жарык көргөн окуу-методикалык колдонмолор, иштелмелер;<br>- методикалык сунуштамалардын басылып чыккан окуу куралдарынын тизмеси;<br>- акыркы 5 жылда пландардын аткарылышын талдоо. |
| 4.3. | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды кесиптик жана жеке өнүктүрүүгө түрткү берүү үчүн шарттарды түзүү. | - Инженердик-педагогикалык кадрлардын кесиптик жана инсандык өнүгүүсүн системалуу баалоо процесси барбы?<br>- Жетекчилик педагогдордун кесиптик жана инсандык өнүгүүсүнө кандай дем берет?<br>- Окутуунун инновациялык методдорун жана алдыңкы технологияларды колдонууга дем берүү кандай жол менен ишке ашырылат?<br>-- Жетекчилик жаш окутуучуларды кандай жолдор менен колдойт<br>- Жаш педагогдорду өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттердин программасын сүрөттөгүлө. | - академиялык мобилдүүлүк программалары;<br>- отчеттор, тастыктама;<br>- мотивациянын далилдери;<br>- инновациялык долбоорлордун конкурстары;<br>- жаш педагогдорду өнүктүрүү жана колдоо боюнча программалар;<br>- протоколдор;<br>- насаатчылык программасы;<br>- жаш педагогдорду өнүктүрүү жана колдоо боюнча программалар. |
| 4.4. | Студенттерди тиешелүү адам ресурстары менен | Жатаканадагы кураторлордун, класс жетекчилердин, | - тарбия иштеринин планы;<br>- куратордун/класс |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | камсыз кылуу (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.), студенттерди окутуунун натыйжаларына жетишүүгө колдоо жана дем берүү максатында. | тарбиячылардын иши кандай жүрүп жатат? | жетекчилеринин иш планы;<br>- отчеттор; - чогулуштардын протоколдору. |
| 4.5. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана билим берүү программалары боюнча педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун реалдуу пландарын аткаруу. | -Инженердик-педагогикалык кадрларды жана окуу-көмөкчү персоналды даярдоо жана кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу кандайча ишке ашырылат?<br>- Инженердик-педагогикалык кадрлардын жана окуу-көмөкчү персоналдын кесиптик жана инсандык өнүгүүсүн системалуу баалоо процесси барбы?<br>- Окутуунун инновациялык методдорун жана алдыңкы технологияларды колдонууга дем берүү кандай жол менен ишке ашырылат?<br>-ББУнун жетекчилиги жаш мугалимдерди кандай жолдор менен колдойт?<br>- Жаш педагогдорду өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттердин программасын сүрөттөгүлө. | - окутуучуларды даярдоо жана кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу, кесиптик өнүктүрүү программалары жөнүндө маалымат: план, сертификаттар, дипломдор<br>- отчеттор, сертификаттар<br>- мугалимдердин мотивациясынын далили: сыйлыктар;<br>- инновациялык долбоорлордун конкурстары;<br>- - жаш педагогдорду өнүктүрүү жана колдоо боюнча программалар. |

**Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары**

Билим берүү уюму жеткиликтүү жана тиешелүү окутуу максаттарына жетиштүү сандагы окуу ресурстарына кепилдик берүүгө тийиш

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 5.1. | Студенттерди, ар кандай топтогу студенттерди, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен камсыз кылуу (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, жабдылган кабинеттер, лабораториялар, спорт зал, компьютердик жабдуулар, окуу полигондору, устаканалар жана башка ресурстар). | -Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык база (имараттар, курулмалар, аудиториялык фонд, лабораториялар, окуу-лабораториялык жабдуулар, жатаканалар) билим берүү программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн жетиштүүбү?<br>- Керектүү сандагы компьютерлер жана башка техникалык жабдуулар барбы? - Билим берүү программасын каржылоо билим берүү процессин сапаттуу деңгээлде камсыз кылууга мүмкүндүк береби?<br>- Материалдык-техникалык базаны жаңыртуунун мезгилдүүлүгү кандай?<br>- Сабактан тышкаркы убакта компьютерлерге кирүү мүмкүнчүлүгү барбы? | маалымат:<br>- студенттерге жеткиликтүү аудитория жана көмөкчү жабдуулар;<br>- студенттерге жеткиликтүү болгон компьютерлер жана башка техникалык жабдуулар;<br>-материалдык - техникалык камсыздоонун мазмуну жана модернизациялоо;<br>- ББУ ишинин финансылык шарттарын жакшыртуу стратегиясы. |
| 5.2. | Студенттерди окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу- | - Окуу-методикалык адабият фонду кандайча түзүлөт?<br>- Санын жана шайкештигин көрсөтүңүз (адекваттуулугу) | - - аккредитацияланууучу ар бир программа боюнча жабдуулардын, окуу китептердин, пособиелердин ж. б. окуу-методикалык материалдардын жана электрондук пособиелердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | методикалык материалдар, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылуу. | ББУ\ББП билим берүү максаттары үчүн жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары ж.б. ар бир аккредитацияланган программа боюнча окуу-методикалык материалдар жана электрондук колдонмолор.<br>- Камсыздоо анализи канчалык көп жүргүзүлөт? | тизмеси;<br>- сурамжылоонун натыйжалары (отчет, чечимдер);<br>-материалдык-техникалык базанын жана маалыматтык ресурстардын билим берүү программасына ылайык келишин пландаштыруу, талдоо. |
| 5.3. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери). | - Окуу процессинде коопсуздук талаптары кандай жана кайсы документтерде аныкталган?<br>- ББУнун аймагында коргоо системалары жана коопсуздукту контролдоо системасы иштейби?<br>-Санитардык-гигиеналык ченемдерге жана өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келүү боюнча белгилүү бир иштер канча мезгилдүүлүк менен өтөт? | - тиешелүү органдардын эрежелерин, ченемдерин жана талаптарын сактоо жөнүндө документтердин болушу. |
| 5.4. | Билим берүү уюму кеңири коомчулукка жана кызыкдар жактарга маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, веб-ресурстар, | -Веб-ресурста, ММК жана басма сөздө жайгаштырылган маалыматтын форматын сүрөттөп бергиле.<br>- Активдүү шилтемелерди | - - ББУнун расмий сайты; - журналдар, гезиттер, радио, телекөрсөтүү, буклеттер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | маалыматтык тармактар, ББУ сайты ж. б.) колдонушу. | бериңиз. | |

**8. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ**

| № | Баалоо критерийлери | Билим берүү программасынын позициясы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш | Шайкеш келбейт |
| **СТАНДАРТ 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен баалоо** | | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген билим берүү программасынын так түзүлгөн билим берүү максатынын болушу. | | | |
| 1.2. | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларында формулировкаланган болуусу. | | | |
| 1.3. | Так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келген билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмүнүн болуусу. | | | |
| 1.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, муктаждыктарына жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен баа берүү. | | | |
| 1.5. | Билим берүү программасынын окуу планында каралган (окуу, өндүрүштүк) практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орундар менен камсыз кылуу). | | | |
| 1.6. | Образовательная организация применяет инновационные учебно-методические ресурсы и технологии в образовательном процессе. | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.7. | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун жыйынтыктарын кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу | | | |
| 1.8. | Билим берүү программасын окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келиши. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 2. Билим берүүнүн натыйжаларын кабыл алуу жана таануу, студенттерди бүтүрүү** | | | | |
| 2.1. | Студенттерди тандоонун, кабыл алуунун жана бүтүрүүнүн калыс жана ачык жол-жоболорун колдонуу. | | | |
| 2.2. | Мониторинг жүргүзүү жана чогултуу үчүн так жол-жобо жана инструменттер жана студенттердин академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде кийинки аракеттердин болушу. | | | |
| 2.3. | Мониторинг жүргүзүү жана чогултуу үчүн так жол-жобо жана инструменттер жана студенттердин академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде кийинки аракеттердин болушу. | | | |
| 2.4. | Студенттердин окуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү үчүн билим берүү уюмунун алдын ала билим берүүнүн квалификацияларын жана окуу мезгилдерин объективдүү таануусун камсыз кылуу. | | | |
| 2.5. | Билим берүү уюму тарабынан билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишкен студенттердин алган квалификациясын, анын ичинде окутуунун жетишилген натыйжаларын, ошондой эле алган билиминин мазмунун жана статусун жана анын аяктагандыгын тастыктаган билим берүү жөнүндө документ менен камсыз кылуу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоо** | | | | |
| 3.1. | Окутуу технологияларды жана билим берүү формаларын, педагогикалык ыкмаларды жөндөө жана баалоо үчүн, студенттерден үзгүлтүксүз кайтарым байланыш алууну колдонуу. | | | |
| 3.2. | Жеңилдетүүчү жагдайларды камтыган жана баалоонун натыйжаларын апелляциялоонун расмий жол-жобосун караган баалоо жүргүзүү жол-жобосунун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу. | | | |
| 3.3. | Окуудагы жетишкендик мониторинги жана бүтүрүү, бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | | | |
| 3.4. | Студенттердин таштап кетүү себептерин талдоо жана окуудагы жетишкендикти бекемдөө жана жогорулатуу боюнча кабыл алынган чаралар. | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3.5. | Студенттердин даттанууларына жооп кайтаруу жол-жоболорунун иштелип чыккандыгы жана ишке киргизилгендиги. | | | |
| 3.6. | Документтештирилген жана кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болгон студенттерди социалдык жактан колдоо системасынын болушу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал** | | | | |
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү кызматкерлердин курамынын, квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын ылайык келиши. | | | |
| 4.2. | Инженердик-педагогикалык кадрлардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү колдонмолорду, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иши. | | | |
| 4.3. | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды кесиптик жана жеке өнүктүрүүгө түрткү берүү үчүн шарттарды түзүү. | | | |
| 4.4. | Студенттерди тиешелүү адам ресурстары менен камсыз кылуу (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.), студенттерди окутуунун натыйжаларына жетишүүгө колдоо жана дем берүү максатында. | | | |
| 4.5. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана билим берүү программалары боюнча педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун реалдуу пландарын аткаруу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары** | | | | |
| 5.1. | Студенттерди, ар кандай топтогу студенттерди, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен камсыз кылуу (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, жабдылган кабинеттер, лабораториялар, спорт зал, компьютердик жабдуулар, окуу полигондору, устаканалар жана башка ресурстар). | | | |
| 5.2. | Студенттерди окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылуу. | | | |
| 5.3. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери). | | | |
| 5.4. | Билим берүү уюму кеңири коомчулукка жана кызыкдар жактарга маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, веб-ресурстар, маалыматтык тармактар, ББУ сайты ж. б.) колдонушу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | | | |

## 9. АДАБИЯТ


1. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы, 2023-жылдын 11-августунан № 179.
2. 2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы
3. 2021-2040 - жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому "Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү Программасын бекитүү тууралуу" 2021-жылдын 4-майынан, №200.
5. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин Токтому “Билим берүү тармагында аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү тууралуу" 2024-жылдын 15-майынан, 2024-жылдын № 246